УДК 331.5.024.5(575.2)
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.88

Усеналиева Д., Асаналиева Д.
К. Карасаев атн. БМУ

# КЫРГЫЗСТАНДА ЭМГЕК РЫНОГУН МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛУУНУН КЕЛЕЧЕКТҮҮ БАГЫТТАРЫ

**Аннотация:** Аталган макалада Кыргызстанда эмгек рыногун мамлекеттик жөнгө салуунун келечектүү багыттары каралган. Туруктуу экономикалык, социалдык өнүктүрүүнүн жана жакырчылыкты жоюунун эң негизги милдеттери аталган. Макалада аталган милдеттер эмгек рыногундагы максаттуу иш-чараларды жана жумуш менен камсыз кылуудагы саясатты жүзөөгӨ ашыруу маанилүү. Комплекстүү экономикалык саясатты иштеп чыгууда жана жүзөөгө ашырууда мамлекеттик органдардан жарандар өздөрүнө керек болгон социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын, анын зарылдыгын жана мүмкүндүү экенин түшүнө беришпейт. Мамлекеттин өзүнүн кызыкчылыгында ийгиликтүү колдонула турган социалдык өнөктөштүккө дагы өзгөчө бөлүнгөн. Эмгек рыногунда конкреттүү кызыкчылыгы бар жаран гана эмгек рыногунун механизмдерин жүзөөгө ашыраарын жана аны натыйжалуу коргой ала тургандыгы маалымдалган. Эмгек рыногу коомдун экономикалык жана социалдык жашоо деңгээлинин маанилүү бөлүгү болгондуктан, өзгөчө маанилүү болгон эмгек рыногундагы кезигүүчү көйгөйлөрдү өз учурунда алдын ала чечүү талап кылынат.

**Түйүндүү сөздөр:** Эмгек рыногу, жакырчылыкты жоюу, социалдык-экономикалык кызыкчылыктар, эмгек рыногунун механизми, жумуш менен камсыз кылуу, социалдык чөйрө, мамлекет, ишкерлер, социалдык колдоого муктаж жарандар, эмгек акыга субсидиялар.

Усеналиева Д., Асаналиева Д.
БГУ им. К. Карасаева

# ПЕРСПЕКТИВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ ГОСУДАРСТВЕННОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ РЫНКА ТРУДА В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация:** В данной статье рассматривается перспективные направления государственного регулирования рынка труда в Кыргызстане. Перечисляется самые основные задачи, направленные на устойчивое социальное, экономическое развитие и сокращение бедности. Перечисленные задачи в статье необходимы для реализации политики занятости и реализации целевых мер на рынке труда. Отмечается, что граждане к сожалению, не понимают своих социально-экономических интересов, необходимости и возможности получить их от государственных органов при разработке и реализации комплексной экономической политики. Уделяется особое внимание на социальное партнерство, которое может быть успешно использовано государством в своих собственных интересах. В статье отмечается, что только носитель конкретного интереса на рынке труда может реализовать механизмы рынка труда и защитить его более эффективно. Так как рынок труда является важной составляющей частью экономической и социальной жизни общества, предстоит своевременно решать и проблемы рынка труда, которые относятся к числу наиболее важных.

**Ключевые слова:** Рынок труда, сокращение бедности, социально-экономические интересы, механизмы рынка труда, занятость, социальная сфера, государство, предприниматели, граждане, нуждающиеся в социальной поддержке, субсидии на оплату

труда.

**Usenalieva D., Asanalieva D.**
BSU named after K. Karasaeva

## PROSPECTIVE DIRECTIONS FOR STATE REGULATION OF THE LABOR MARKET IN KYRGYZSTAN

**Abstract:** This article discusses promising areas of state regulation of the labor market in Kyrgyzstan. The most basic tasks aimed at sustainable social, economic development and poverty reduction are listed. The tasks listed in the article are necessary for the implementation of employment policy and the implementation of targeted measures in the labor market. It is noted that citizens unfortunately do not understand their socio-economic interests, the need and opportunity to receive them from government agencies when developing and implementing a comprehensive economic policy. Special attention is paid to social partnership, which can be successfully used by the state in its own interests. The article notes that only the bearer of a specific interest in the labor market can implement the mechanisms of the labor market and protect it more effectively. Since the labor market is an important component of the economic and social life of society, it is necessary to solve the problems of the labor market in a timely manner, which are among the most important.

**Keywords:** Labor market, poverty reduction, socio-economic interests, labor market mechanisms, employment, social sphere, state, entrepreneurs, citizens in need of social support, labor subsidies.

Эмгек чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат ички гана эмес, тышкы саясаттын да маанилүү багыттарынын бири болуп саналат.

Эмгек менен камсыз кылуу саясатынын негизги мазмуну коомдун социалдык-экономикалык чөйрөсүнүн абалы, көйгөйлөрү жана аны өнүктүрүү келечегин баалоого мүмкүндүк берет. Эмгек рыногу – бул өзүнө көптөгөн субъекттерди: мамлекетти, жумуш берүүчүлөрдү, жумушчуларды, адистик бирикмелерди ж.б.ды камтыган экономикалык система болуп эсептелет. Ошондуктан экономикалык мамилелердин түрлөрү жана аталган элементтердин өз-ара аракеттеринин өзгөчөлүктөрү социалдык чөйрөдө жана экономикада болуп жаткан процесстерди жеңилдетүүгө өбөлгө түзөт. Заманбап шартта республиканын жумуш менен камсыз кылуу саясаты азырынча так стратегиялык багыттары жок болгондуктан, өлкөнү экономикалык өнүктүрүүнүн эсебинен рационалдуу иш менен камсыз кылууда өбөлгөлөй турган бир катар чаралар менен бекемделбейт.

Азыркы учурда өлкөдө жумуш менен камсыз кылуу саясаты негизинен жумушсуздуктун деңгээлин жана узактыгын кыскартууга, жумушсуздарга социалдык, психологиялык-кайрадан жандандыруучу, маалыматтык, кесипке багыттоочу жардам көрсөтүүгө багытталган. Ар кандай деңгээлдеги иш менен камсыз кылуу саясатынын максаттарын жана милдеттерин байланыштыруу, биринчи кезекте туруктуу жана кошумча жумуш орундарын түзүүгө багытталган региондук өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууну жана ишке ашырууну

талап кылат.

Мамлекеттик иш менен камсыз кылуу саясатынын негизги максаты болуп институционалдык кайра түзүүлөрдү шарттоо менен тандалма түзүмдүк саясат аркылуу жаңы жумуш орундарын түзүү, инвестициялык активдүүлүктүн өсүшүнө көмөктөшүү аркылуу экономикалык жактан пайдалуу жана келечектүү жумуш орундарын кыскартуу процессине бөгөт коюп токтотуу болуп эсептелет. [1].

Жумуш менен камсыз кылуу саясатын ишке ашырууда жана туруктуу социалдык, экономикалык жактан өнүгүүгө жана жакырчылыкты кыскартууга багытталган максаттуу иш-чараларды ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөрдү жүзөөгө ашыруу зарыл:

- жумуш менен камсыз кылууну арбытууга багытталган иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү боюнча иш-чаралардын толук ишке ашырылышын камсыз кылуу;
- адамдарга татыктуу жашоого мүмкүнчүлүк бере турган рыноктук чечимдерди тыкаат изилдеп иштеп чыгуу;
- билим берүүнүн бүтүндөй системасында колдоо демилгелерин ишке ашыруу;
- калктын ишкердик демилгесин жогорулатуу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү.

Коомдук мамилелердин системасында абдан сезимтал жагдайлардан болуп бөлүштүрүү жана иш менен камсыз кылуу чөйрөсү, мамилелер жана өз ара мамилелердин аракеттенүүсү жана ошондой эле эмгек тармагында мамилелердин бөлүштүрүлүшү эсептелет. Демек, социалдык чөйрөнү жана жалпысынан эмгекти камтый турган социалдык өнөктөштүктү аныктоого кеңейтилген мамиле негизсиз жана эмгек мамилелери жөнүндө келишимдер менен гана чектелип калбайт. Мындай мамиле бардык кызыкдар тараптар тарабынан: мамлекет, ишкерлер жана иш берүүчүлөр, кызматкерлер, социалдык колдоого муктаж жарандар, коомдук уюмдар тарабынан социалдык-эмгек чөйрөсүнө таасир берүүчү иш-чараларын жана ыкмаларын туура багыттоону талап кылат. Коомдун социалдык өнүгүүсүн мамлекет тараптан гана башкаруу күтүлгөн натыйжаларды алып келе бербейт, анткени башка социалдык өнөктөштөрдүн аракетсиздиги мамлекетти өз кызыкчылыктарына артыкчылык берүүгө үндөбөйт.

Калктын аялуу социалдык катмарлары бирден-бир ишенимдүү кепили катары мамлекетке таянгандары менен, адатта, мамлекеттин коомдогу кызыкчылыктары коомдогу башка кызыкчылыктардан артыкчылыгы жагынан акталбай келет. Комплекстүү жумуш менен камсыз кылуудагы экономикалык саясатты иштеп чыгууда жана ишке ашырууда жарандар өздөрүнүн социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын мамлекеттик органдардан өз убагында алуу зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн түшүнбөсө дагы, мамлекет социалдык өнөктөштүктү өз кызыкчылыгында ийгиликтүү колдонуп келет. Конкреттүү кызыкчылыктын ээси гана аталганды ишке ашыра алат жана аны натыйжалуу коргой алат. Мамлекеттик

органдарда кызмат ордун ээлеген адам мамлекеттин атынан иш алып барат жана мамлекеттик кызыкчылыктарды ишке ашырат. Бул табигый абал болуп эсептелегени менен алар ар кандай коомдук уюмдар аркылуу өз кызыкчылыктарын маалымдап туруулары кажет. Коомдун бардык социалдык катмарынын өкүлдөрү аларды ишке ашырууга умтулушат. Мына ушул учурда гана коомдун жана анын жарандарынын кызыкчылыктарын эсепке ала турган социалдык-экономикалык саясатты иштеп чыгуу толук мүмкүн.

Ар кандай деңгээлдеги эмгек рынокторунун өз ара аракеттенүүсүн башкаруунун экономикалык-уюштуруу механизмин иштеп чыгуу негизинен эмгек чөйрөсүндө болуп жаткан процесстердин мүнөзүн так түшүнүүгө негизделиши керек.[2]. Рынокто жумушчу күчүнө болгон суроо-талап жана сунуш жөнүндө дээрлик басымдуу сөз болгондо гана ал эмгек акынын көрсөткүчтөрү менен аныкталган өндүрүш фактору катары иштейт. Эмгек акы рыногунун функциясы өзгөчө мааниге ээ. Эмгек рыногунда эмгек акынын ээлеген орду - бул ишканага кыйла натыйжалуу, тажрыйбалуу кызматкерлерди тартуу болуп эсептелип, жумуш берүүчүлөр ортосундагы атаандаштыктын негизги куралы катары шартталат. Экинчи жагынан, эмгек акынын өзү жумуш берүүчүлөр менен жумушчулардын ортосунда эмгек шарттарын талкуулоодогу предмет болуп эсептелет. Кызматкерлер бош орундар үчүн бири-бири менен атаандашкан кырдаалдарда, эмгек акы жумуштун канчалык деңгээлде жагымдуу экендигин тастыктайт. Албетте, эмгек акы бул компаниянын өз кызматкерлерине сунуш кылган эмгек акылары, кошумча кирешелери, бонустары, социалдык жөлөкпулдары жана жеңилдиктерди камтыган толук сый акылары катары түшүнүү кажет.

Эмгек акы жалпысынан региондор, иш-чаралар жана айрым кызматкерлердин эмгек тажрыйбалары боюнча айырмаланат. Башка товарлардын баасы сыяктуу эле, ал жумушчу күчүнүн суроо-талаптарынан жана сунуштун өзгөрүүсүнөн көз каранды: эгерде суроо-талап сунуштан басымдуу болсо, анда эмгек чыгымдары жогорулайт же болбосо суроо-талап сунуштан азыраак болсо, тескерисинче эмгек чыгымдары кыскарып, кырдаал төмөндөйт. Бирок, бул модель базарлардын айрым түрлөрү үчүн белгилүү бир көрүнүшкө ээ.

Эмгек рыногунда мыйзамда белгиленген минималдуу эмгек акыны алуу өзгөчө мааниге ээ. Эмгек акыны мамлекеттик жөнгө салуу зарылдыгы жөнүндө экономисттер арасында бирдиктүү пикир орун албай келет. Бул көрсөткүчтүн калктын жумуш менен камсыздалуусунунун жана киреше деңгээлиндеги түшүнүксүз таасири менен байланыштуу. Минималдуу эмгек акыны эмгек чыгымдарынын балансына мыйзамдуу жайгаштыруу жумушка болгон талапты азайткандыктан, иш берүүчүлөр азыраак жумушчуларды жалдоого аргасыз болушуп, натыйжада, аз айлык алган жумушчулар (минималдуу мыйзамдуу эмгек акы жардам берет) жумушсуз калуулары шартталмак. Иш менен камсыздоону турукташтыруучу иш-чаралар ар кандай деңгээлдеги эмгек рынокторунда түзүлгөн жумушка болгон суроо-талапты теңдештирүүдө өзгөчө маанилүү мааниге ээ. Эмгекке болгон суроо-талап олуттуу мааниге ээ болгондуктан, коомдо өндүрүлгөн

товарлардан жана кызмат көрсөтүүлөргө болгон суроо-талаптан көз каранды болгондуктун эсебинен, мамлекет өндүрүштү шыктандырууга иш-чараларды шарттап келет. Бир караганда, өндүрүштүн көлөмүн жана түзүмүн мамлекеттик жөнгө салуу боюнча иш-чаралардын көпчүлүгү иш менен камсыз кылуу саясатына анчейин байланыштуу болбогону менен, алардын эмгек рыногуна тийгизген таасири абдан маанилүү.

Жумушка орноштуруу субсидияларына жеке ишкердикке дем берген жана жарандардын айрым категорияларын жумуш менен камсыздаган иш-чаралар менен байланышкан субсидиялар кирет. Ишке орноштуруу мүмкүнчүлүгүнүн экономикалык негизи эмгекке болгон жарамдуулук деңгээлинин төмөндөшүнөн улам эмгектин натыйжалуулугунун зарыл деңгээлин камсыз кыла албаган кызматкерлерге эмгек акы төлөө үчүн ишкердик ишке каражаттарды бөлүү менен коштолот. Эмгек акыга болгон субсидиялар чындыгында мамлекет тарабынан каржыланат. Жумушка орношуу негизинен жумушка орношууга көмөктөшкөн субсидия менен байланыштуу, анткени ал эмгекке жарамдуулугу төмөндөгөн адамдар менен иштеген уюмдарга аныкталган өлчөмдө жеңилдиктерди берүүнү шарттайт. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды ар кандай себептер менен жумушка албагандыгы үчүн айып пул салынышы мүмкүн. Эмгек квоталарына катышпаган ишкерлер тарабынан айыппулдардын эсебинен топтолгон каражаттар иш менен камсыз кылууну кеңейтүү үчүн колдонулушу мүмкүн. Ошол эле учурда, жумуш издөөгө түрткү берүүчү жумушка орноштуруучу субсидиялар финансылык чектөөлөргө ээ экенин баса белгилеп кетүү кажет, себеби бул программалардын каржылоо булагы болуп мамлекеттик бюджет эсептелип, анын каражаттары негизинен уюмдардын салыктык чегерүүлөрүнөн топтолот. Жумушка болгон суроо-талаптын түзүмү реалдуулукка айланып бараткандыгын анын субсидияларды же салыктык жеңилдиктерди алуу менен өндүрүштүн бул факторунун наркын төмөндөтүүчү уюмдарга багытталганынан байкоого болот. Улуттук жана жергиликтүү эмгек рыногунда жумушка болгон жалпы суроо талаптын көлөмүн жумуш менен камсыз кылгандардын эмгектеринин нарктарын кайрадан бөлүштүрүүнүн эсебинен жогорулатууга толук мүмкүн.

Жумуш орундарын түзүү программалары ар кандай деңгээлдеги эмгек рынокторунун өз ара аракеттенүүсүнүн башкаруусундагы уюштуруучулук-экономикалык механизминде өзгөчө орунду ээлейт. Аларды ишке ашыруу үчүн (иш менен камсыз кылууну субсидиялоо программаларынан жана жумуш орундарына квоталардан айырмаланып) ал мамлекеттик бюджеттен гана эмес, аймактык инвестициялык программалардан, анын ичинде жеке ишкерлерден да каражат алынышы кажет. Жумуш орундарын түзүү программаларынын алкагында мамлекеттин жана жеке бизнестин экономикалык кызыкчылыктары жөнүндө алгач өндүрүштүк планда, андан соң гана эмгек менен камсыздоо тармагында макулдашууга болот.

Эмгек рыногун жөнгө салуунун салттуу чараларынын бири болуп жумушка болгон жалпы суроо-талапты жогорулатууга багытталган коомдук пайдалуу программалар болуп

саналат.

Качан гана коомдук иш уюштурулганда, жумушка болгон суроо-талап мамлекеттин же жергиликтүү бийликтин атынан түзүлөт. Ошол себептен бул иш-чараны каржылоонуу эң негизги булагы болуп мамлекеттик же жергиликтүү бюджет эсептелүү менен биргеликте калың эл менен жумушсуздардын кызыкчылыктарын эсепке албай коюшпайт. Ар кыл деңгээлдеги эмгек рынокторунун өнүгүүсүнүн экономикалык-уюштуруучулук механизмин башкарууда эмгекти сунуштоодогу иш-чаралар маанилүү мааниге ээ болоорун айтпай кетүүгө болбойт.

Заманбап шартта эмгек миграциясын жөндөө социалдык-экономикалык жана каржылык себептер менен чектелип келет. [3]. Ошондуктан азыркы заманбап шарттарда мамлекет эмгек ресурстарынын өзгөчө спецификалык комплекси катары жаштарга өзгөчө көңүл буруу менен, аларга билим берүүдө кесиптик-техникалык окуунун багыттуу программаларын ишке ашыруу аркылуу эмгек менен камсыз кылуунун түзүмүн таасын иштеп чыгуу жагымдуу таасирин тийгизет деп ишенимдүү айтууга болот.

Азыркы заманбап шарттарда калктын иш менен камсыз болушун жөнгө салуунун уюштуруучулук-экономикалык механизминде чакан бизнеске олуттуу мааниге ээ. Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү эркектер менен аялдардын басымдуу көпчүлүгү чакан жана орто ишканаларда, үйүндө же өз алдынча иш алып баруу менен жан багышат. [4]. Ошентип, бизнес ыкмаларын, уюштурууну, маркетингди изилдөө, жаңы чечимдерди табуу жана ченемдик укуктук актыларды тыкаат иштеп чыгуу аракеттери бул жумуштуулук чөйрөсүнө чоң киреше алып келиши толук мүмкүн.

Өнүгүп келе жаткан же өткөөл мезгилдеги өлкөлөрдүн көбүндө көп сандагы жумуш орундары жана акча табуу мүмкүнчүлүгү азыр “формалдуу эмес экономика” деген аталыш менен байланышкан. [5]. Ал барган сайын жалпы экономиканын ажырагыс бөлүгү катары каралууда. Бирок, баса белгилей кетүүчү нерсе болуп, бул жерде эмгек шарттары негизинен оор, ал эми кирешелер минималдуу деңгээлинде экендиги чындык бойдон калууда.

Заманбап технологиялардын жана алынган билимдердин жашоо циклинин кескин кыскарышын эске алуу менен, эмгек ресурстарынын, ошондой эле жалпысынан өндүрүш факторлорунун мобилдүүлүгү ар кандай улуттук экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуунун маанилүү өбөлгөсүнө айланууда. Өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу позитивдүү көрүнүш болгондуктан, өндүрүштүн башка факторлорунан айырмаланып, эмгектин мобилдүүлүгү көп учурда көптөгөн олуттуу көйгөйлөрдү жаратуусу айдан ачык. Бул жогорку квалификациялуу жумушчуларга гана эмес квалификациясы жок жумушчуларга да тиешелүү экендиги эч кимге жашыруун эмес. Экономиканын маалыматтык шартында эмгек рыногунун мамлекеттик жөндөөнүн маанилүү тапшырмаларынын бири болуп жергиликтүү ресурстардын сапатын жогорулатуу менен атаандаштыкка жөндөмдүү болуусуна өбөлгөлөрдү түзүү эсептелет. Бул

олуттуу иш-чараны жүзөөгө ашырууда жана чечүүдө адамзаттык капиталга болгон мамлекеттик жана жеке инвестицияларды мүмкүн болушунча жогорулатып, эмгек ресурстарынын билимин жана жөндөмдүүлүлүктөрүн кеңейтүү максатында мамлекеттик саясаттын мүмкүн болушунча мүмкүндүү ыкмаларын колдонуу кажет.

Ошол себептен, экономикалык уюштуруучулук механизми жалпысынан алганда заманбап шартта эмгек рыногунун түптөлүшүндө жана өнүгүүсүндө олуттуу мааниге ээ болуу менен бирге жагымдуу таасирин тийгизет.

Калкты мамлекет тарабынан эмгек менен камсыз кылуудагы маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп, эмгек рыногунда мамилелердин калыптанышына мамлекеттин ургаалдуу деңгээлде кийлигишүүсү жана мындай кийлигишүүгө конкреттүү каражаттардын тандалышы эсептелет. Өлкөбүздөгү эмгек менен камсыз кылуунун активдүү саясатынын негизги максаты негизинен эмгек рыногундагы активдүү саясатын кеңейтүүгө жана келечектүү пассивдүү иш-чараларды жогорулатууга багытталуусу кажет жана ал төмөнкүлөрдү өз учурунда талап кылат:

- жумушсуздарды даярдоо жана кайра даярдоо системасын андан ары өнүктүрүү, иштен бошотуу коркунучу бар кадрлардын квалификациясын жогорулатууну колдоо;
- коомдук иштердин түзүмүн жана түрлөрүн кеңейтүү, аларды уюштуруу, ишке ашыруу жана каржылоо үчүн шарттарды түзүү;
- негизинен эмгек рыногунда кырдаал курчуп турган региондордо чакан бизнести, өз алдынча иш менен камсыз кылууну өнүктүрүүгө дем берип, мүмкүндүү болгон бардык иш-чараларды шарттап берүү.

Жумушсуздарды ишке орноштурууга көмөктөшүү, жумушсуз жарандарды кесиптик билим алуусу үчүн окутуу жана кайра даярдоо, акы төлөнүүчү коомдук жумуштарды аткаруу, ишкердик демилгени өнүктүрүү жана жумушсуздардын өз алдынча иш менен камсыз болушуна микронасыя берүү аркылуу жумушсуздарга колдоо көрсөтүү сыяктуу практикалык иш-чараларды ишке ашыруу өлкөбүздүн эмгек рыногундагы социалдык чыңалууну азайтууга жардам берип, калктын жашоо шартын жакшыртууга ыңгайлуу шарттарды түзөт.

### Адабияттар

1. Закон КР от 3 августа 2015 г. № 214 «О содействии занятости населения», [Электронный ресурс]. URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111258 (Дата обращения: 25.03.2023)
2. Савина С.Е., Мырзалиева М.А. Особенности развития рынка товаров и услуг в Кыргызкой Республике // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. 2021. Т. 21. № 11. С. 3-9.
3. Кумсков Г.В., Джолдошева Д.С. Демографические тренды в Российской Федерации и

Киргизской Республике // Глобальный научный потенциал. 2018. № 2 (83). С. 38-43.

4. Савин В.Е. Развитие малого и среднего предпринимательства в Кыргызстане и его роль в насыщении потребительского рынка / В.Е. Савин, Е.В. Таранова, М.А. Мырзалиева // Региональная экономика и управление: электронный научный журнал. 2022. № 2 (70).
5. Осмонов З.Б. Безработица и бедность населения - внутренняя угроза экономической безопасности Кыргызстана [Текст] / З.Б. Осмонов // Кыргызстана. - 2018.- № 6.- С. 60-63.